**Турар Кожомбердиев**

# ОБОНДУУ ЫРЛАР

Бишкек
«Бийиктик» – 2011

Каржылаган жээни ***Жаныбек Исманкулов***

**Кожомбердиев Турар.**
Обондуу ырлар. – Б.: Бийиктик, 2011. – 208 б.

© Кожомбердиев Т., 2011.

*Турардын ырлары – бул таланттын берекелүү энчисинен элге берилген сунуш шыбага.*

***Аалы Токомбаев***

## Турардын ырлары – өлбөс обондордун өзөгү

1960–80-жылдарда кыргыздын көрүнүктүү композитор, обончуларынын баары акын Турар Кожомбердиевдин ырларына обон чыгарууга дилгир болчу. Анткени Турардын сөздөрүнүн кооздугу, маанисинин тереңдиги жана обонго ийкемдүүлүгү аларды арбап турчу.

Кыргыз Республикасынын Композиторлор союзунун токтому боюнча Турардын ырларына 600 обон (!) чыгарылган. («Турар Кожомбердиев». Бийиктик. 2010. 185-б.) «Энем менен атама», «Жаңы жылды тосолу», «Күн чыгышым», «Булактагы кездешүү», «Жүрөктү жүрөк тандасын» ж.б. жарым кылымдан бери ооздон түшпөй ырдалып жүрөт.

Бул китепке Турар Кожомбердиевдин обондуу ырларынын бир азы гана кирди.

Алардын баарын топтоо – келечектин иши.

*Осмоналы Исманкулов.*

# Түнкү серенада

Обону М.Абдраевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Moderato**



Жарыкты кууп тебелеп,
Жылдызды көккө себелеп.
Түн келди жумшак, жыпжылуу,
Көз кылып Айды төгөрөк.

Жамырайт жылдыз түмөндөп,
Ай санайт баарын түгөлдөп.
Аккуулар ойнойт, өркөчтүү,
Толкунду минип жүгөндөп.

Кучактап жумшак булуттай:
– Сүйөмүн, – дедиң унутпай.
Ошол сөз кызыл гүл болуп,
Жүрөктөн өсөт уруктай.

Унутпайм өрттүү кезимди,
Өчүрбөйм ошол сезимди.
Сүйүүдө кармайм туу кылып,
Жылдызга толгон көзүңдү.

# Көл бетинде

Обону С.Байданалиевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Жылдыздар жүзүн каратат,
Ай жылып нурун таратат.
Кыз-жигит минген жел кайык,
Термелип алга баратат.

Мейкинди жиреп ай барат,
Селкиге бозой жалбарат.
Жалындуу, таттуу сөздөргө,
Жаш селки эргип далбарат.

Бир-бирин бекем кысышса,
Толкундап жүрөк жалындайт.
Жаш селки беттен сүйгөндө,
Жаш жүрөк кантип жарылбайт.

Жылдыздар жүзүн каратат,
Ай жылып нурун таратат.
Кыз-жигит минген жел кайык,
Алыстап кетип баратат.

# Шайыр жаштар

Обону С.Израиловдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Бирде бүркөө бирде чайттай таң атат,
Мезгил бизди таң калтырып келе атат.
Кечегини кылым артка калтырып,
Улам заман укмуштарды жаратат,
жаратат. } 2 жолу
Совет эли тайманбастан, кадам шилтеп
Элим үчүн, Бакыт үчүн, Коммунизм
доорун көздөй баратат.

Иште курбум жалкоолукка берилбей,
Сен да курбум ыкчамдаткын керилбей.
Баарыбыз тең чоң уятка калабыз.
Ак пахталар карга калса терилбей,
терилбей } 2 жолу
Мүнөзүң бар мурунуңа чымын консо,
Уктабай! Иштегин! Колдоруңду
шилтегендей эриңбей

Биздин жерде күндө майрам жаңылык,
Мекен гүлдөйт секунд сайын жаңырып.
Биз да курбум жалкоолукту тебелеп,
Иштейличи билек түрүп чамынып
чамынып } 2 жолу
Алгаласын заманыбыз токтоо билбей,
Элим үчүн! Бакыт үчүн! Алдыдагы
тоскоолдуктар багынып.

# Жыттуу букет

Обону С.Израиловдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Moderato**



Залкар дарак түбүмдөмүн түн ичин
Шаң музыка эч токтобойт жүрүшүн.
Мен канбадым музыкалык букеттен,
Жыттасам да, жыттасам да миң үзүм.

Шаң музыка, шаңк угузса саламын,
Музыкалык тегеректе каламын.
Сүйүү жыттуу, бакыт жыттуу букетке,
Кайра-кайра жүрөгүмдү малайын.

Залкар дарак түбүндөмүн түн ичин,
Ыйык мага музыка уккан мүнөтүм.
Музыкалык тегеректен дапдаана,
Көрүп турам сүйгөнүмдүн сүрөтүн.

# Күн чыгышым

Обону Ү.Сыдыков,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтаар сөздү миң кайталап белендеп.
Күн чыгышым! Сени күтөм зарыгып,
Анык беле айткан сөзүң келем деп.

Тоонун суусу аңтарылат иримдеп,
Дарак ырдайт жалбырагы дирилдеп.
Күн чыгышым! Келсең боло күттүрбөй,
Салааланып, саамай чачың бириндеп.

Айлап-жылдап жалгыз сен деп түгөндүм,
Жүрөгүңдүн бардыгына күмөнмүн.
Колду шилтеп кетип калбас себебим,
Боосу сенде мен катынган жүгөндүн.

Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтаар сөздү миң кайталап белендеп.
Күн чыгышым! Сага деген махабат,
Жүрөгүмө батып барат тереңдеп...

# Көл бетинде

Обону Ү.Сыдыковдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Жылдыздар жүзүн каратат,
Ай жылып нурун таратат,
Кыз жигит минген жел кайык,
Термелип алга баратат.

Көбүктүү көлдан үн чыгат,
Жел кайык мөңкүп жай жылат.
Сүрдөнө түшүп экөө тең,
Суктанып тоого көз бурат.

Мейкинди жиреп ай барат,
Сулууга бозой жалбарат.
Жалындуу таттуу сөздөргө,
Билинбей атып таң барат.

# Таарынчак

Обону А.Укурчиновдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Шашпай**



Балды бачым бербейт деп,
Чоң энеме таарынып
Жатып калдым бүк түшүп,
Сары тонду жамынып.

«Балды жакшы көрөм» деп,
Балдын баарын жеп койду.
«Таарынгандын тамагы
Таттуу болот» деп койду.

Жей гой, мына балың» деп
Келбей койду жалынып.
Мен минтерин билгенде,
Жатпайт элем таарынып.

# Мына кызык

Обону А.Укурчиновдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Орточо**



Суугa барсам, ыр ырдап –
Бака жатат чурулдап.
Жүрөт сүзүп көлмөдө
Жылдыз жайнап жымыңдап.

Көрсөтөм деп апама,
Көрсөтөм деп атама.
Суугa кошуп жылдызды
Сузуп алдым чакага.

Тердеп, ысып, бууланып,
Кирсем үйгө сууну алып,
Мына кызык, жылдыз жок,
Чакадагы суу калып!..

# Түлкү менен бөрү

Обону Н.Давлесовдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Вальс темпинде**



Түлкү, бөрү, кошулуп,
Бир-биринен озунуп,
Ойдолошот бийлешет
Обондору созулуп.

Түлкү, бөрү сүйлөштү,
Секиришип бийлешти.
Түлкү, бөрү элирип,
Вальс бийлешти берилип.

Түлкү, бөрү бир басты,
Түнт токойду, кырды ашты.
Чамгарактап куйругу,
Чабуул ырын ырдашты.

Барат тоолор эңиштеп,
Экөө бирге жем издеп.
Орундалса максаты,
Олжону таап келишмек.

# Кумурска

**Муз. Т.Саламатовдуку,**
**сөзү Т.Кожомбердиевдики**

**Moderato**



2




Келатыптыр жумушка
Кыл муруттуу кумурска.
Топчуну алып колума,
Тосуп койдум жолуна.

Тыягынан карады,
Быягынан карады,
Аркы-терки бойлоду,
Тоо экен деп ойлоду.

# Муңдук менен Зарлык

Обону Б.Исаковдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Орточо**



Тыңшап турсак Зарлыкты,
Тыңшап турсак Муңдукту,
Кыйкырышып сүйлөштү
Биз укпаган шумдукту.
Уккулачы, балдар-ай,
Мына булар чындыкпы:

– Чымчык болуп чыркырап,
Учуп чыгам дыркырап.
Канатымдын күүсүнөн
Тоолор кулайт быркырап.
Минип алып булутту,
Айга барам зыркырап...

– Мен кыйкырсам күрүлдөп,
Жер силкинет дүрүлдөп.
Учуп келип кулук Ай,
Жерге конот зирилдеп.
Түн ичинде жарк этип,
Күн көрүнөт күлүңдөп...

# Күчүгүм

Обону А.Абдуллаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Орточо**



Кууп калсам жүгүрүп,
Күчүгүмдү шашылып,
Качып кетти «борс» үрүп,
Калат тамга жашынып.

Ойногонду жашынмак,
Жакшы көрөт кууганды.
Мен жашынаар кезекте
Билбейт көзүн жумганды.

# Гүлдүү шаарым

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Орточо**



2




Айлана кубанычка турат чалкып,
Ансайын көңүл эргип турат балкып.
Эреркеп жаздын жели беттен сүйсө,
Эмне бар бул дүйнөдө андан артык.

*Кайырма:*

*Жайнаган жаздын гүлү,*
*Жан жакта куштун үнү.*
*Кубулжуйт гүлдүн түрү,*
*Кандай сонун жаздын күнү.*

Жазгы жел желбиретет жигит чачын,
Жанына кыялымда жетем бачым.
Жадырап тоскум келет ар жыл сайын,
Жаштыктын, махабаттын гүлдүү жазын.

*Кайырма:*

Жыпарга толуп кетти бардык аймак,
Жоогазын кадам сайын турат жайнап.
Мелжиген махабаттын бийигине,
Менин да чыккым келет канат байлап.

# Жаштар ыры

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Марш темпинде**



Элибиздин кайрат-күчү ченегиз,
Жайдыр-кыштыр тынбай иштеп келебиз.
Кабак-кашым деген сөздү унутуп,
Каршылыкты тоготпостон жеңебиз.
Кайрат берет качан болсо жүрөккө,
Камбыл, бейпил биздин мекен, элибиз.

Максатыбыз ачык-айрым такталган,
Ар ишеним аткарылган аталган.
Эң бир кыйын тоскоолдорду багынтып,
Эл алдында эмгек менен такталган.
Ынтымактуу Кыргызстан жаштары,
Ырыс ээси ырдап, бийлеп шаттанган.

Апкаарыбай алга кадам таштайбыз,
Ар күн сайын ачылышты баштайбыз.
Катуу чыгып жаштык ыры жүрөктөн,
Кандай тоскоол кезиксе да качпайбыз.
Кылымдардын чокусуна багыттап,
Кызыл тууну көкөлөтө баштайбыз.

# Көл кечи

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Вальс темпинде**



2




Толкундар шар атып
Тоодой күч жаратып.
Буурадай буркулдайт,
Буктарын таратып.

*Кайырма:*

*Кайкышат чардактар,*
*Канаттар кагылып.*
*Көркөмдүү чар тарап,*
*Кызгылт нур агылып.*
*Ошол кездеги,*
*Көлдүн кечтери,*
*Кусадар боломун сагынып.*

Селкинин ырына,
Сезимдер багынып.
Жылтылдайт толкундар,
Жылдыздай жагылып.

*Кайырма:*

Учурлар өтсө да,
Унутпайм эч жерин.
Билбепмин күндөрдүн,
Ушунча тездээрин.

# Сен барсың жүрөктө

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Асмандын күнү бар,
Адырдын гүлү бар.
Ал эми жүрөктө болсо,
Алгачкы сүйүү бар.
Бүркүттүн шаңы бар,
Бөлмөнүн шамы бар.
Ал эми жүрөктүн,
Аппапак таңы бар.

Булбулдун үнү бар,
Дарактын бүрү бар.
Тотудай сулуунун,
Толкуткан сүрү бар.
Кайрат бар жүрөктө,
Каруу бар билекте.
Сеңселген карындаш,
Сен барсың жүрөктө.

# Сонун кез

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Жайдары**



Канаттуудай күндөр сызып көктөм,
Андан бери канча мезгил өткөн.
Шаттык басып коюнга,
Өзөн суунун боюнда,
Жолугушкан учур оюмда.

Кыздан кетпейт татынакай сымбат,
Көрүшкөн кез алигиче кымбат.
Жүрөк туйлап кабынан,
Эңсеп сени абыдан,
Эстеп дайым сагынам.

# Күчөсүн күндө демилге

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Көңүлдүү**



Жигиттер: Кел жигиттер чамдайлы,
Арбын түшүм камдайлы.
Койколоктоп эринип,
Кокус артта калбайлы.

Кыздар: Келин-кыздар тынбайлы,
Кепке калбай чыңдайлы.
Жеңип алып мөөрөйдү,
Тоо жаңыртып ырдайлы.

Жигиттер: Беделиңди түшүрүп,
Бекер жүрбө сүзүлүп.
Баатыры бол эмгектин,
Бачым ишти бүтүрүп.

Кыздар: Шайыр эже, сиңдилер,
Шайдоот ишке келели.
Мемиребей мактоого,
Мелдештерден жеңели.

Жигиттер: Гүүлдөп адыр, түзүбүз,
Биримдикте күчүбүз.
Жакшы түшүм алалы,
Жаркырасын жүзүбүз.

Кыздар: Эмгек шаңы кайнасын,
Эпкиндүүлөр жайнасын.
Эмгегиңдин ар качан,
Элим көрсүн пайдасын.

# Ала-Тоонун жаштары

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Марш темпинде**



Жаштар, силер, бак-таалайдын нурун чачкан
Жаштар, силер, баштап элди алга баскан.
Кадамын келечекке катар таштап,
Жаштар силер дайым алга келе жаткан.

*Күчү мол,*
*Күчтүү кол,*
*Милдети зор.*

Өркүндөп өнөргө бай, өрүшү кең,
Атагы Ала-Тоодой бийиктеген.
Кынаптап келечектин кышын койгон,
Келечек замандын балдары сен.

*Күчү мол,*
*Күчтүү кол,*
*Милдети зор.*

Аталып аталардай аппак жолдуу,
Өзүңсүң душман үчүн миң-сан колдуу.
Баруугa магистрал чегин оюп,
Баштадык Байкал-Амур темир жолду.

*Күчү мол,*
*Күчтүү кол,*
*Милдети зор.*

# Көл жээгинде

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Көл жээгинде басып жүрөм салкындап,
Көңүл чиркин эрип кетет балкылдап.
Көбүктөнгөн толкундардын ичинен,
Көрүнгөндө жел кемелер калкылдап.

Сүйгөнүмө жолукканы келгенсип,
Алгач ирет айдай жүзүн көргөнсүп.
Дүрбөтөсүң жүрөк каным, Ысык-Көл,
Дүйнөнүн бүт касиетин бергенсип.

Жалбырттатып төгүптүр күн манатын,
Жаркылдатат каз-өрдөктөр канатын.
Жакшы жагын эсептесек көлүмдүн,
Жаңыламын, жетпей калат санатым.

# Сатиралык саптар

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожмбердиевдики

**Шаңдана**






*Жигит:* Ачуулуу го түрүңүз,
Абдан күчтүү сүрүңүз.
Коньяк ичип бийлейли,
Кафе жакка жүрүңүз.

*Кыз:* Макмал кийген жаш жигит,
Мактанганга маш жигит.
Тайраландап окубай,
Таалайына кас жигит.

Жигит: Ээй! Сулуу кыз, сулуу кыз,
Ачуу тийди тилиңиз.
Кагып койсоң жолотпой,
Кайгырарым билиңиз.

*Кыз:* Аай! Жаш жигит, жаш жигит,
Башкаларды табыңыз.
Байчечекей кезинде,
Байлабастан багыңыз.

*Жигит:* Ээй!
Ук замандаш, жолдошум,
Араңарда мен өңдүү,
Ала карга болбосун.

# Көл боюнда кездешүү

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Шашпай**



Тоскоолдорду жеңем деп,
Тосомун жолду элеңдеп.
Көл жээгинен айткан элең,
Көк кайык минип келем деп.
Аай, жолду тиктейм,
Гүлдү искейм,
Жолукканда берем ай, жолукканда берем деп.

Көрктүү тоолор койнунда,
Көлүмдүн көркү сонун да.
Жалындатып жүрөгүмдү,
Жаркыным, сенсиң оюмда.
Аай, жакын калды жолукчу кез,
Жашыл көлдүн ий, жашыл көлдүн боюнда.

# Эстен кетпейт

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



2




Бир элес,
Ойго түштү жашымдагы,
Сен элең,
Балбылдаган кашымдагы.
Жадырап,
Элпек гана терип тургам,
Жабышкан
Самандарды чачыңдагы.
Өтүптүр,
Андан бери далай заман,
Өзгөрдүң,
Жүрсөң болду эсен-аман.
Саамайың
Сылай берем кыялымда,
Сайылган,
Кара чачка сары саман.

# Бозойдун ыры

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Тамашалуу**



Артыңдан ээрчип жүрөмүн,
Арбайып абдан жүдөдүм.
Кайсы күнү айтсаңчы,
Каткырып ойноп-күлөмүн.
Кага көрбө чүрөгүм,
Капа чегип, жапа чегип,
Ыза болуп, куса болуп,
Алсырады жүрөгүм.

Балбылдап мээрим ырайың,
Башкача сенин чырайың.
Кыйналамын сени ойлоп,
Кыла көр пери ырайым.
Дейсиң го мени сынайын,
Колуңданбы, жонуңданбы,
Маңдайданбы, саамайданбы,
Уруксат бер сылайын.

Шайынын кийип тубарын,
Ойготуп көңүл кумарын.
Тыбыратып көөдөндү,
Тынчытпай жүрөк жубарым.
Сен жөлөнчү дубалым,
Сүйбөй койсоң, тийбей койсоң,
Кагып койсоң, чанып койсоң,
Кимге менин убалым.

# Сагыныч ыры

Обону К.Тагаев,
сөзү Турар Кожомбердиевдики



Санаалардан санаага берилемин,
Сансыз ойдун зардабына чөмүлөмүн.
Сансыз адам жашаган ушул шаарда,
Эмнегедир жалгыздыктан зеригемин.
*Ажырадым,*
*Ажырадым ишенген сүйгөнүмдөн,*
*Айталбадым,*
*Айталбадым дартымды күйгөнүмдөн.*

Эсиңдедир өзөндүн жашыл багы,
Кызыл гүлдөй кызыл жоолук башыңдагы.
Кыналышып сырдашып баратканбыз,
Кымбат мага ошол учур жазындагы.
*Ажырадым,*
*Ажырадым ишенген сүйгөнүмдөн,*
*Айталбадым,*
*Айталбадым дартымды күйгөнүмдөн.*

Кара көздүү, кара каш карындашым,
Качан болсо карегимде, жанымдасың.
Кабарыңды тезирээк билгизип кой,
Канат сермеп махабатым жалындасын.
*Жылдыздайсың,*
*Кең асманда түмөндөгөн.*
*Дайрадайсың,*
*Дайрадайсың,*
*Эч убакта соолубаган, түгөнбөгөн.*

# Кечки сырдашуу

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики




2
гон ке - зин - де. Кош ай - ты -
шып а - жы - ра - шып,
көп - кө жүр - дүк ке - чин - де.
Күз мез - гил - дин ар - тын - да - гы кы - шын -
дай, Кү - лүк бар - бы у - ба - кыт -
тын ку - шун - дай. Та - быш - тыр - бай
жү - рөк сыз - дат - кан,
Таг - дыр де - ген о - шон - чо - лук
таш боор бе - лең у - шун - дай.

# Эмнеге бозой туйбайсың?

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Шашпай**



Кабагың карыш салынып,
*Кайгыга көңүл малынып.*
*Санаага батып барасың,*
*Саргайып күндө жалынып.*
*Угалбай бир ооз сөз оозуңан,*
*Унчукпайт дейсиң таарынып.*

Жоогазын сунуп сыйлайсың,
Жообун тез бер деп кыйнайсың.
Сабыркап өзүң ичиңден,
Санааны бойго жыйнайсың.
Элирип турган жүрөктү,
Эмне үчүн бозой туйбайсың.

Сүйбөйт деп ичиң тарылып,
Турасың бозой таарынып.
Сандаган ойго түшөсүң,
Саргайып улам жалынып.
Кеп чыкпай ооздон жүрөгү
Кеткени турса жарылып.

# Ашыктык ыры

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики






Балбылдап мээрим, ырайың,
Башкача сонун чырайың.
Кыйналамын сени ойлоп,
Кыла көр пери ырайым.
Дейсиң го мени сынайын,
Колуңданбы, жонуңданбы,
Маңдайданбы, саамайданбы,
Уруксат бер сылайын.

Шайынын кийип тубарын,
Ойготуп көңүл кумарын.
Тыбыратып көөдөндү,
Тынчытпай жүрөк жубарым.
Сен жөлөнчү дубалым,
Сүйбөй койсоң,
Тийбей койсоң,
Кагып койсоң, чанып койсоң,
Кимге менин убалым.

# Махабат вальсы

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Вальс темпинде**






Айлуу бир түндөр,
Ар түркүн гүлдөр.
Антташкан ал кез кечтеги.
Булактын түбү,
Булбулдун үнү,
Буралган шибер эстеби.

Коштошуп кыйлага,
Кой дедим ыйлаба.
Жүдөткөн кайгыны,
Жүрөккө жыйнаба.

Көз салып агымга,
Көп турдум жанында.
Көкүрөк капталып,
Көрүнбөс жалынга.

Алыска кетер чагымда,
Аман бол дедим,
Эсен бол дедим
таарынба.

# Назик селкиге

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Кол сунасың араң эринип,
Койкоёсуң назик керилип.
Жүзүңдөгү жылмайган нурдан,
ЖҮрөк чиркин балкып элирип.
Обологон сезимдер бийлеп,
Ого бетер кетем берилип.

Сен узасаң карайм кыйналып,
Карааныңа тоодой сыйынып.
Кагып койсоң калтаарый түшөм,
Кан тамырым какпай кыйылып.
Көрүнбөгөн махабат күүсү,
Көкүрөктө барат жыйылып.

Саамайыңдан келчи сылайын,
Садагасы нур кыз Гүлайым.
Балбылдаган таңдын Чолпону,
Бакыт каалайм сага ылайым.
Жадырай бер жаздын гүлүндөй,
Жактырбасаң эмне кылайын.

# Сырдашуу

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Вальс темпинде**



Жашчылык өзү жарашык,
Жалтанбай уяң карашып.
Жылгындуу беттин үстүндө,
Жылдызды бирге санашып.
Унтулбайт тура ошол кез,
Уктабай жүрөк таң атып.

Торгойдун күүсү төгүлүп,
Таң келе жатты сөгүлүп.
Термелип кайың учтары,
Теребел шаңга бөлөнүп.
Керемет күчкө бөлөнүп,
Кеталбай турдук бөлүнүп.

Белеске чыгып ырдадык,
Бетеге белден ыргалып.
Сыладым калтар чачыңды,
Сыйкырдуу күчкө чырмалып.
Алыстап кете бериппиз,
Арт жакта нечен кыр калып.

# Көз караш

Обону К.Тагаевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Шашпай**



Залда толгон жигиттерден бөлүнүп,
Кара чачың жамгыр сымал төгүлүп.
Маңдайымда сен турасың байкабай,
Китеп окуп терең ойго чөмүлүп.
Багындырып баратасың сезимди,
Бардыгынан жакыныраак көрүнүп.

Жалт карасаң китебиңден бурулуп,
Көз карашың карегиме урунуп.
Окуганды бир оокумга токтотуп,
Ой көлүнө кеткенсийсиң чөмүлүп.
Кургактагы балык сымал аптыгамын,
Кумдан сууга жеталбаган жулунуп.

Залда толгон бозойлордон бөлүнүп,
Маңдай чачың жамгыр сымал төгүлүп.
Бет алдымда олтурасың байкабай,
Китеп окуп терең ойго чөмүлүп.
Карегимдин түпкүрүнөн балбылдап,
Кайсы селки сага турат көрүнүп.

# Жоокер ыры

Обону М.Рыскулбековдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Вальс темпинде**



Ата журт жүгү мойнумда,
Албууттуу дайра боюнда.
Турганда чекти кайтарып,
Тууган жер кетпейт оюмдан.

Элестейт көзгө баарысы,
Жаштары менен карысы.
Тууган жер сенин тамчы сууң,
Жүрөктүн ыйык дарысы.

Саргарат жылдыз көктөгү,
Сагынат уулуң чектеги.
Тууган жер сенин аймагың,
Түшүмдөн, ойдон кетпеди.

# Салам сага жаш дүйнө

Обону М.Рыскулбековдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Ылдам**



Калбайын деп жалпы санаттан,
Канча күндөр өттү жадаткан.
Караманча танып бейкутту,
Качкың келет көнгөн адаттан.

*Кайырма:*

Кадамыңды көрбөй арыштап,
Карын үчүн жашап арыштап.
Кебелбеген тыптынч турмуштан,
Кетким келди көнгөн адаттан.

Калбайын деп жүрүп өйдөдөн,
Каңгып кетип өмүр бөөдөдөн.
Кара шумкар аргымак минип,
Качкың келет көнгөн чөйрөдөн.

*Кайырма:*

Жалкоолукка пейли кас дүйнө,
Жанбактыга жайы аз дүйнө.
Салаңдаган курсакты жерип,
Салам айтам сага жаш дүйнө.

*Кайырма:*

# Саргарган гүл

Обону М.Рыскулбековдуку,
сөзүТ.Кожомбердиевдики

**Вальс темпинде**



Өткөндүн чактары,
Жүрөктө тактары.
Шуудурайт көңүлдө,
Жаштыктын бактары.
Нурланып бардык жактары.
Ээ-эй күтүнсөм канча жыл,
Кызыл гүл солуп сапсары.

Ушакчы карганды,
Көп айтып жалганды.
Туптунук сүйүүнү,
Тумандар чалганды.
Жүрөгүң ага алданды.
Ээ-эй махабат гүлдөрү,
Колумда жүрүп саргарды.

Санаалар чар жайыт,
Арыктап арбайып.
Көргөзбөйт жүзүңдү,
Көлөкө тарбайып.
Ирeңим жездей саргайып.
Ээ-эй махабат жапжашыл,
Солуса гүлдөр саргайып.

# Уйкусуз гитара

Обону М.Рыскулбековдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Шаттуу**



Жылдыз толгон жайдын түнүндө,
Терезеңдин турам түбүндө.
Сансыз ойдон көңүл удургуп,
Сагыныч бар гитар үнүндө.

Гитар сайрайт ойго чөмүлүп,
Жамгыр болуп күүсү төгүлүп
Көкүрөктү муңга толтурбай,
Көңүлдөшүм койчу көрүнүп.

Жарык өчтү нуру чачылбай,
Терезелер бекийт ачылбай.
Талыкпастан гитар муңканат,
Таң аткыча үнү басылбай.

# Сары кыз

Обону М.Рыскулбековдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Ылдам**



Жүрөккө канат тактырдың,
Көңүлдү бийлеп шат кылдың.
Сан жеткис гүлдүн ичинен,
Садагам сени жактырдым.
Ээ-эй сулуу кыз,
Садагам сени жактырдым.

Гүлүңө көркүң жарашып,
Жигиттер алат талашып.
Кыйылып кетпей турушат,
Кылчактап сени карашып.

Айтылар сөздүн калысы,
Гүлдөрдүн сонун баарысы.
Өзгөчө жакты бирок да,
Күлмүңдөп турган сарысы.

Эгерде көпкө тандаса,
Кайпактап сатып албаса.
Гүл алыш эмес максаты,
Таанышсам деген далбаса.

# Бешик ыры

Обону М.Рыскулбековдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Тектирден салкын жел келет,
Теректин учу термелет.
Толгонай эне ыр ырдап,
Токтоосуз бешик термелет.

Алыстан тоолор керилип,
Ай жылат араң эринип.
Упчуну эмген баладай,
Уйкуга баары берилип.

Жылдыздар тегиз жарылып,
Жыбылжып нуру агылып.
Өпкүлөйт уулун энеси,
Өпкөсү, боору чабылып.

Өсө көр уулум эр жетип,
Ааламга колуң, серметип.
Уктабайт эне бир гана,
Дүйнөнү жалгыз терметип.

# Энем менен атама

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Ойлуу**



Жүрөсүңөр жашап, иштеп алыста,
Чолоо тийбейт ай өткөрбөй барышка.
Ак эмгекти актайын деп уулуңар,
Билим үчүн түшкөн узак жарышка.

Ойлойсунар санаа тартып камыгып,
Садагалап карааныцдан кагылып.
Силер мени самагандай жол карап.
Мен да жүрөм өзүңөрдү сагынып.

Силер анда, мен күнчүлүк алысмын,
Заманымдан калбай келет жарышкым.
Алпештеген энем менен атакем,
Экөөнөргө өмүр бою карызмын.

# Эне жүрөгү

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Ойлуу**



2




Баласынын буту кылдай тилинип,
Чебеленет эне чиркин бүлүнүп,
Жүрөк дале сыздап турат басылбай,
Олдо энеке ай,
Бала небак ойноп кеткен жүгүрүп.

***Кайырма:***

Ачып салып мүнөздөгү туюкту,
Алыс таштап тоңдук менен кыйыкты.
Энелердин жүрөктөрүн сактайлы,
Оо адамдар!
Абайлайлы ыйыктардан ыйыкты!

***Кайырма:***

# Комсомол жөнүндө баллада

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Эрини киберсиген кара бала,
Эртеден жеген эмес калама да.
Эсирген кулактардан тартып алган,
Эгинди тартып барат арабада.

Кылкылдап күн уяга жаңы батты,
Кыңылдап арабекеч айдайт атты.
Камданып жаш баладан өч алууга,
Канкорлор буктурмада аңдып жатты.

Аңгыча катуу нерсе тийди башка,
Алсырап кулап барып түштү ташка.
Жалындуу кыргыздын бир комсомолу,
Жайында араң чыкмак он беш жашка.

Айлана тунжурады сырын катты,
Ай чыгып аскаларга кайра батты.
Ээсинен ажыраган элирген ат,
Эгинди тартып кетип бара жатты!..

# Кыргыз кыздары

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Тезирээк**



Каптаганда душман бизди батыштан,
Кайран шерлер каршы туруп атышкан.
Кырылышып кан төгүлгөн согушка,
Кыргыздардын кыздары да катышкан.

Бекем кармап автоматты колуна,
Мина койду жырткычтардын жолуна
Жааган октун арасынан жалтанбай,
Жарадарды сүйрөйт салып жонуна.

Эстен кетпейт окоптордун сыздары,
Эстен кетпейт кычыраган кыштары.
Совет жерин коргош үчүн душмандан,
Салгылашкан кыргыздардын кыздары.

# Эстен кеткис балалык

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Балалыгым кызгалдактай жайнаган,
Балалыгым арашандай кайнаган.
Далай жылдар өтсө дагы арадан,
Да бир ирет көргүм келет кайрадан.

Балалыктан калсак дагы айрылып,
Башты салып мүңкүрөбөй кайгырып.
Ошентсе да балалыктын күндөрү,
Оо чиркин ай, биир көрүнсө кайрылып.

# Тоолор көркү

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Өзүңдө чексиз сулуулук,
Бийиктик менен улуулук.
Жылдызың санап уктасам,
Жүрөккө түнөйт жылуулук.

Зоолоруң Айдын түнөгү,
Булагың кыргыз мүрөгү.
Касиет сени көргөндө,
Калтаарыйт адам жүрөгү.

Көкүрөк арым сабалап,
Көкөлөп кетти абалап.
Көркөмүң сенин Ала-Тоо,
Көңүлдү коёт дабалап.

# Жаңырык

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Элестетем адыр, токой, түзүңдү,
Берекеге толуп турган жүзүндү.
Самап кетем сабаадагы кымызды,
Сабагынан самсаалаган жүзүмдү.

Элестетем жазгы нөшөр төккөнүн,
Жамыраган козуларын, көктөмүн.
А мен болсо Ата-Журтту кайтарып
Алыстагы океанда чектемин.

# Жаңы жыл - жаркын үмүттөр

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики






Бийиктерде кызыл туулар желбиреп,
Биздин сансыз ийгиликти эл билет.
Кыргызстан өткөн жылды узатты,
Кыйла сонун иштер менен белгилеп.

Кайырма:

Ата-Журтум күтүп турган сагынып,
Кирип келди бакыт жылы жаңырып.
Алды жакта күтөт канча жеңиштер,
Алды жакта канча сонун жаңылык!

# Узатуу вальсы

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Узаттык аларды шаң менен таң атканда,
Бий бийлеп, ыр ырдап кумарды тараткaнда.
Кымбатсың туулган жер ар качан уулуң үчүн,
Кылчактап карашат алыстан баратканда.

***Кайырма:***

Милдетти аткарып жадырап келесиңер,
Жалжал көз селкиге гүлдесте берерсиңер.
Азамат жигиттер аман бол, көрүшкөнчө,
Ар убак каректе сакталат элесиңер.

***Кайырма:***

# Майрам ыры

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Тез, көңүлдүү**



Калайык майрамга камданып,
Жеңиштер жаратты чамданып.
Жашартып жиберди көңүлдү,
Жан жактан музыка шаңданып.
Курбулар кутмандуу майрамда,
Кубанып ыр ырдап сайранда.

Мекендин жаштары, карысы,
Ырдасын, бийлесин баарысы.
Кубаныч өмүрдүн тиреги,
Кубаныч өлбөстүн дарысы.
Канакей кутмандуу майрамда,
Каткырып, бий бийлеп сайранда.

Гүл болуп Ата-Журт жайнады,
Күү чертип жүрөктөр сайрады.
Күлмүңдөп келиптир кайрадан,
Күлкүнүн, бакыттын майрамы.
Туугандар, кутмандуу майрамда,
Кубанып, ыр ырдап, сайранда.

# Шайыр жигит

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Тез, шайыр**



Мен кеткенде апам калган сүйлөнүп,
Эки күндө качаарсың деп сүйрөлүп.
Кейигенсиң куру бекер, апаке –
Келе жатам үй курганды үйрөнүп.

Кирпич куйдум аптаптарда куурулуп,
Бетим күнгө түлөп түштү туурулуп.
Эми мына эмгек менен достоштум,
Ысыгына-суугуна жуурулуп.

Көнгүчөктү далай тоскоол кезикти,
Күжүрмөнгө бакыт ачат эшикти.
Өздөштүрүп келе жатам курбулар.
Өлкөм сүйгөн куруучулук кесипти.
Эң ардактуу эл сыйлаган кесипти.

# Шаарыма кайтып келем

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Тез, шайыр**



Ак булуттун үстүнөн кайкып келем,
Атыңды миң кайталап айтып келем.
Ашыгып келбетиңе кумар болуп,
Алыс жактан шаарыма кайтып келем.

Артта калды чеги жок чөл да, талаа.
Ай сайын алып-учуп барат санаа.
Аңгычакты жүрөктү «болк!» эттирип,
Алды жактан көрүндү жылдыз калаа!

Берекелүү борборум койну кенен,
Жүрөккө эне сымал жакын белең!
Алыс кетсем жаныңан, сени самап,
Ашыгып кучагыңа кайтып келем.

# Алгач сүйүү

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Ойлуу, жай**



Күн чартылдап булут түнөрүп,
Үнсүз турдук сөздөр түгөнүп.
Терс бурулдум, көздөн жаш ыргып,
Дегениңде: «Кош бол, түбөлүк».

Жаштык оргуп нурлуу жүзүңдөн,
Эрдиң таттуу ширин жүзүмдөн.
Аралыктын баарын багынтып,
Ар күн сайын көрөм түшүмдөн.

Самайм бирге жүргөн күнүмдү,
Уксам деймин назик үнүңдү.
Сууйт колуң, сурайм, сунбагын,
Эми мага кызыл гүлүңдү.

# Таңкы поезд

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Поезд күүлөнүп барат акырын,
Калың перрондо жалгыз, жакыным.
Бирок калгансыйт сенин жанында,
Менин жүрөгүм оюм, акылым.
Күүлөп канатты күүсүн ойнотуп,
Күтөт горизонт, сансыз чакырым.

Адыр, кырандар артка агылат,
Максат жылдызы бийик жагылат.
Жалбыз жыттанган назик дестеңе,
Кайра-кайрадан жүзүм мелынат.
Анда-санда да токтоо билбеген.
Таңкы поезддин үнү жаңырат.

# Кыз жана булак

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Мелүүн**



Махабаттан эмне кымбат,
Жалындуу жаш куракта.
Эркелеткен жигит кылдат,
Жолугушкан убакта.

Эстен кетпейт ошол күнкү,
Сырдашкан кез булакта.
Тоо жаңырткан шаңдуу күлкү,
Дале турат кулакта.

Ойлуу селки көп убактан,
Эр жигитти сагынып.
Ал экөөнүн көл булактан,
Жүзү турат чагылып.

Жүрөк сыздап жага берет,
Үмүт жиби үзүлбөйт.
Булак болсо ага берет,
Кыздын оюн түшүнбөйт.

# Алгачкы кадам

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Орточо**



Кубанып карап,
Кадамдап барат.
Элеңдеп кайра,
Отура калат.

***Кайырма:***

Ооп оң-солго,
Оңолуп зорго.
Башталды сапар,
Алыскы жолго.

***Кайырма:***

# Кечки жомок

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



Тойго малын союптур,
Жакшы ат таап коюптур.
Ал баласы эр жетип,
Айга барып конуптур.
Ой-бой, пай-пай, кызык.

Жылдыздарды териптир.
Сурагандын баарына,
Эли-журтун кубандырып,
Бирден жылдыз бериптир.

Аалам сырын билиптир,
Өчпөс чырак илиптир.
Ошол нурдан тараптыр,
Азыр күйгөн электр.

Жомок соңу ушул,
Алтын кызым ай нурум.
Күмүш уулум, күн нурум
Төшөгүнө жата гой
Жөлөгүм, медерим,
Уктаар экен ким мурун.

# Нурлуу көлчүк

Обону Ж.Кайыповдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Орточо**



Көйрөндүгү билинип,
Көлчүк үстү тилинип.
Таманына бөбөктүн,
Кошо кетет илинип.
Ээй кызык, оой кызык *2 ирет*
Кошо кетет илинип.

Бала чуркайт түйүлүп,
Көлчүк менен сүйүнүп.
Суу кепичи шалп этип,
Турбай бутка кийилип.
Ээй кызык, оой кызык *2 ирет*
Турбай бутка кийилип.

# Бактылуу балдар

Обону К.Молдобасановдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



2


гүл те-рип, Ө - зөн суу - ну бой-ло-шот.
Ба-кыт ну-ру тө-гүл - дү, Ба-пес-те-ди биз - дин
ө - мүр - дү. Бө - бөк - төр - дүн тур - му - шу,
Кы-зык-туу да жа - на кө - ңүл - дүү.

# Малабай

Музыкасы К.Молдобасановдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики




2
rit.
Көк э - шик - тин тут - ка - сын, Жа - лап ал - ды
Ма - ла - бай! Чык - пас - тан ү - нү
жа - быш - ты ти - ли, Тип - ти - ке тур - ду
ба - шын - да жү - нү! Эй!

# Кекенин түшү

Обону К.Молдобасановдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



# Сынып калды чачырап

Музыкасы К.Молдобасановдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики




Эшикке чыксам укмуш, апа,
Ары-бери калтырап.
Чоң көлчүктүн ортосунда,
Ай жатыптыр жалтырап.

Басып барып акырын,
Колум сунуп батыраак.
Жаңы кармап алаарымда,
Сынып калды чачырап.

# Тиштеп алды башын

Обону К.Молдобасановдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



# Беке, Меке жана мүйүздүү теке

Обону К.Молдобасановдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики



# Кайда элең?

Обону Ш.Дүйшөналиевдики,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Moderato**



Сулууну көрдүм булакта,
Суу алып жаткан убакта.
Жароокер селки кайда элең,
Жалындуу жаштык куракта.

Торгойдой үнүң эшиттим,
Толкундап карек тешилттим.
Каныма жалын таратып,
Капыстан неге кезиктиң?

Буркурап гүлдөр таңында,
Буралып турдуң жанымда.
Гүлмүң көз анда кайда элең,
Гүлдөгөн жаштык чагымда?

Күлгөнүң калды эсимде,
Күн сымал тарап сезимге.
Булгалай бердим колумду,
Булактан кетер кезиңде.

# Жүрөктү жүрөк тандасын

Обону М.Акматовдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики





Күүлөрүн төгүп жиберип,
Музыка алат имерип.
Коомайлап белден кармаса,
Колдору болот билерик.

***Кайырма:***

*Жүрөктү жүрөк тандасын,*
*Сүйгөнүн сүйгөн жандасын.*
*Билинбей кай бир уяңдар,*
*Бийлебей четте калбасын.*

Бир-бирин сүйкүм карашып,
Буттарга буттар жанашып.
Кыз-жигит бирге бийлесе,
Карачы кандай жарашык.

***Кайырма:***

*Жаштыктын ыры махабат,*
*Жаштарга нурун таратат.*
*Жаш кезде ойноп, күлдөгүн,*
*Жаштык кез өтүп баратат.*

# Музыка сахнасы

Обону К.Турсункуловдуку,
сөзү Т.Кожомбердиевдики

**Moderato**






Көзгө илешпей ийик сымал айланып,
Дөңгөлөнүп, аздан-аздан жайланып.
Алаканың кызыл гүлдөй албырат,
Талантыңа аркан-жипсиз байланып.

***Кайырма:***

Музыканын толкунунда талыкпай,
Мен да чабак ургум келди калышпай.
Жүрөгүмө жыйнап жаттың бүтүндөй,
Талантыңа аркан-жипсиз байланып.

***Кайырма:***

Музыканын толкунунда талыкпай,
Мен да чабак ургум келди калышпай.
Жүрөгүмө жыйнап жаттың бүтүндөй,
Бир үзүмүн, бир тамчсын тамызбай.

***Кайырма:***

# Ысык-Ата Арашан

Обону С. Жумалиевдики
сөзү Турар Кожомбердиевдики



Көркөмүң сонун карасам,
Көкөлөп торгой таң азан.
Канткенде тарайт моокумуң,
Кадырлап аны самасаң.
Ырдаткан акын жүрөгүн,
Ысык-Ата Арашан.

Калтырбай айтсак жалпысын,
Көп элдин алдың алкышын.
Калкылдап тунук көлмөңдө,
Каз, өрдөк, ак куу калкысын.
Жылдызга жетип атагың,
Жыргалдан жүрөк балкысын.

Толкундап дене көңүл шат,
Бүркүттөр көктө кайкышат.
Шапайып келген сыркоолор,
Шаңданып үйгө кайтышат.
Ыраазы болуп жүрөктөн,
Ырахмат сөзүн айтышат.

Күн нуру мээрим төгүлөт,
Күлкүгө чөйрөм чөмүлөт.
Ала-Тоо башы агарып,
Айрыкча башка бөлүнөт.
Жаркыган жерим Арашан,
Жаныман артык көрүнөт.

# Толкундар

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Вальс темпинде**



Ак куулар заматта кубулат.
Шарпылдап добуштар угулат.
Ай ак толкундар, ай жаш толкундар,
Толкун жээкке урунат.

Толкундар чарчабай, чаалыкпай,
Асканы сүзгүлөйт, талыкпай.
Ак толкундардан Күн көрүндү,
Кудум алтын балыктай.

Бүлбүлдөйт тоолордун элеси,
Калкылдайт көлдүн көк кемеси.
Ал толкундардан көрүнгөнсүйт,
Сулуу кыздын денеси.

Көл үстү сымаптай карачы,
Өрдөк-каз, кызыл, көк, карасы.
Күн тийген кезде өрт кеткендей,
Күйөт толкун арасы.

# Туулган айлым

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Ылдамыраак**



Сапарда жүрөм алыста,
Кол жетпейт тез-тез барышка.
Атыщды секунд унутсам,
Ала-Тоо турар калыска.
Тилим да келбес күрмөөгө,
Ак сүтүң унтуп, танышка.

Кышында болсун, жайында,
Кымбатсың мага дайыма.
Күн нуру каптап көчөсүн,
Күкүктөр сайрайт кайыңда.
Жүрүшкө чыккан учурда,
Жүрөгүм калат айылда.

Асманда булут куралып,
Айлана жамгыр суранып.
Аймалап турса эрке жел,
Ак терек назик буралып.
Ушунун баарын эстесем,
Укмуштай көңүл кубанып.

Удургуп канча күн өттү,
Унутпайм алтын түнөктү.
Урматтуу айлым койнуңан,
Учурдуң далай түлөктү.
Тоо менен четин жанашып,
Толкутуп турат жүрөктү.

# Күтөм сени

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Махабат толкуп канымда,
Алоолойт денем жалында
Чыкыроон улам күч алып,
Бурганак бийлейт шаңында.
Эскере берем ар убак,
Түштөбү, кечпи, таңында.
Жүрсөң да алыс окууда,
Жүрөгүм сенсиң жанымда.

Дайралар ташып чамынып,
Дарактар бүчүр тагынып.
Жаз келет, арттан жай келет,
Жер бетин гүлдөр жамынып.
Билинбей кыштып күндөрдү,
Убакыт өтөт агылып.
Келесиң тарап окуудан,
Тосомун чексиз сагынып.

Бактым сен капыс кабылган,
Жалынсың музда жагылган.
Коңгуроом сенсиң күнү-түн,
Жүрөктө тынбай кагылган.
Атыңды атап миң ирет,
Ар дайым менмин сагынган.
Каныңда жашайт махабат,
Канаттуу өчпөс чагылган.

# Зарыгуу

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Жайдагы гүлдөр солуп көңүл сыздап,
Жан жактар салкын тарта аба муздап.
Күркүрөп, шаркырабай бир калыпта,
Күзгү жаан жалбыракты жатат туздап.

А балким убакыттар өткөн бөөдө,
Көчөгө чатыр кармап чыгам кээде.
Жаркыным бүгүн дагы келбейсиңби,
Жапжалгыз телмиремин терезеде.

Андагы гүлдөр соолуп аба сууган,
Булуттар ойкуп-кайкып шамал кууган.
Жайдарым көргөнсүймүн элесиңди,
Жаркырак терезеден жамгыр жууган.

# Тууган жер

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Жайыраак, ойлуу**



Санап көрсөм далай жашка барыпсың,
Энекебай, дайым өчпөс жарыксың.
Чекти коргоп алыс жакта жүргөндө,
Арнап мага кызыл алма салыпсың.

Эми эстедим акыл-насаат сөзүңдү,
Сансыз ойлор бийлеп алды сезимди.
Ширесинен таттым кызыл алманын,
Ырахаттан жумуп эки көзүмдү.

Элестетип токой, тоолор, түтүндөр,
Элжиредим эт жүрөгүм бүтүндөй.
Унутулбайт эч убакта туулган жер,
Энекемдин ыйык тамчы сүтүндөй

# Кыргыз аймагы

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Салтанаттуу**



Учкун жолдош төшө дүйнө кулакты,
Шаттык бийлейт биздин улуу туракты.
Аалам койнун жеңиштерге толтуруп,
Аймагыбыз нурга толгон убагы.
Жакшы жашоо төрүн көздөй багыттап,
Кыргыз эли коштойт учкул заманды.

Мейли Талас, мейли Ошко барбагын,
Кай тарапка көздөрүңдү салбагын.
Сен көрөсүң кайратмандуу малчыны,
Гүлдөп жаткан айыл жердин чарбагын.

Эртеңкиге күндөн күнгө чамданып,
Эмгектендик билек түрүп шамданып.
Дүңгүрөгөн жеңиштерди укканда,
Дүйнө калкы бизге турат таңданып.

# Сапардамын

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Вальс темпинде**



Агарып жайдын таңы атарында,
Албырып Күн уяга батарында.
Ар дайым максатыма көмөк берип,
Асылкечим сен барсыщ катарымда.

Алмалуу айлыңардын четиндеги,
Алгачкы жолугушуу кечиндеги.
Тамылжып мага сунган кызгалдагың,
Талыкпастан канат болду сезимдеги.

Кайгыртпай капалыкка батарымда,
Кадамды бирге шилтеп катарымда.
Балбылдап каректериң жол көрсөтүп,
Баратамын максатымдын сапарында.

# Махабат мага кымбатсың

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Жайыраак вальс**



Көңүлүм сага улам артып,
Көксөймүн күндө азап тартып.
Эргитет сүйүү канат байлап,
Эмне бар достор андан артык.

Эңсеген сайын көңүл балкып,
Элесиң дайым турат жаркып.
Эң бийик баалайм махабатты,
Эмне бар достор андан артык.

Көңүлүм сага улам артып,
Көксөймүн күндө азап тартып.
Эргитет сүйүү канат байлап,
Эмне бар достор андан артык.

# Эне колу

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Ойлуу**



Качан болсо төгүп турган береке,
Касиеттүү жан экенсиң энеке.
Актайм го дейм сенин эмчек сүтүңдү,
Ата журтка жарап берсем керекке.

Көрчү жылдар канчалык тез өткөнүн,
Эске түшөт согуш жылы чөккөнүң.
Алты балаң нан сураса чуркурап,
Айлаң кетип ачуу жашың төккөнүң.

Эмгегиңди кантип унут калайын,
Мен агарттым саамайыңдын далайын.
Туура жолго багыт берген жылдызым,
Турмуштагы менин бакыт, таалайым.

# Үзүлбөгөн үмүттөр

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Ылдам**






Жүздөр кызарып, буттар тушалып,
Бирге баспасам, бийлеп кусалык.
Күлкүм жоголот, күндөр узарып.
*Жүзүң көргөндө,*
*Жүрөк лакылдап,*
*Мезгил закымдап,*
*Жаркын керемет,*
*Ойду терметет,*
*Келчи жакындап.*

Ойлор жадатты, күндү санатты,
Кантип унутам, ушул адатты,
Берди көңүлгө, сүйүү канатты.
*Санаа түмөндөп,*
*Түндө уктабайм.*
*Жылдыз түгөлдөп,*
*Сүйүү сырлары,*
*Сүйүү ырлары,*
*Кантип түгөнмөк,*
*Кантип түгөнмөк.*

1-куплет кайталанат.

# Ажайып элес

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Вальс темпинде**



Береке толгон түзүндө,
Белегиң сундуң күзүндө.
Алмадай болуп кубаныч,
Албырып турду жүзүңдө.
Айылдын ошол тоо жагын,
Али да көрөм түшүмдө.

Короолор толгон түшүмгө,
Коштоштук дагы күзүндө.
Оймоктой болгон эриниң,
Окшотуп бышкан жүзүмгө.
Эгиндин сары талаасын,
Эми да көрөм түшүмдө.

Жетпейт сөз баарын сыноого,
Жещилип көңүл самоого.
Калтырап кетем көргөндө,
Капталып денем алоого.
Мүргүбөс сүйүү сезимиң,
Мүмкүнбү ичке камоого.

# Жаңы жылды тосолу

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Жүрөк эргип кагылып,
Санат жеткис жаңылык.
Кирип келет аздан соң,
Жаңы жылым жаңырып,
Жаңы бакыт агылып.

*Үндү бийик созолу,*
*Күлкү менен шаң менен,*
*Жаңы жылды тосолу.*

Жаштар дагы карылар,
Кубангыла баарыңар.
Жаңы жылдын айрыкча,
Айтып бүткүс шаңы бар
Айтып бүткүс шаңы бар.

*Үндү бийик созолу,*
*Күлкү менен шаң менен,*
*Жаңы жылды тосолу.*

Алгыла ыр кесени,
Азыр ырдын кезеги.
Соолубасын өмүрлөр,
Соо жүрөлү дешели.
Соо жүрөлү дешели.

*Үндү бийик созолу,*
*Биз да добуш кошолу.*
*Жаңы жылды тосолу,*
*Жаңы жылды тосолу.*

# Жайкы түндө назик үн

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Жайыраак**



Сылап бетти тоо жактан жел келет,
Күлүк ойлор алыс учуп сермелет.
Элпек колдон кыйчылдап үн салып,
Арча бешик назик гана термелет.

Көк бетинен жылдыздар жымыңдайт,
Жада калса саратандын үнү да угулбайт.
Мээрим эне терметип бешигин,
Бир шоокумда алдей ырын кыңылдайт.

Уясына капкачан баткан күн,
Жүргүзүүдө бүт бийликти мемиреп жайкы түн.
Уктайт баары басылбайт бир гана,
Алдей айтып, эне созгон назик үн.

# Эмгек талаасы

***сөзү Турар Кожомбердиевдики***

**Жай, созулта**



Мелмилдейт эмгек талаасы,
Жайнаган түшүм арасы.
Адилет мээнет кайтса деп,
Асмандап учат санаасы

***Кайырма:***
*Шаттыктан көңүл элирип,*
*Шайма-шай ишке берилип.*
*Таптаттуу шекер жайнатып,*
*Талаабыз жатат керилип.*

Кыз-жигит иштейт чамданып,
Күлкүсү чыгып шанданып.
Күн нурун төгөт жылмайып,
Күжүрмөн элге таңданып.

***Кайырма:***
*Ырыска толуп жер бети,*
*Толкутуп салат келбети.*
*Төбөлөр жетип бийикке,*
*Төгүлөт жердин бермети.*

Айылдан чыксаң таңында,
Торгойлор таңшыйт шаңында.
Мелмилдеп жаткан талаанын,
Мээнеткер жүрөт жанында.

***Кайырма:***
*Чекеден тери тамылып,*
*Кетмени тынбай чабылып.*
*Шаңкайып талаа ачылат,*
*Шаттуу ыр чыкса жаңырып.*

# Кыздын ыры

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Жайыраак**



Апаппак жоолук салынып,
Амандык тилеп жалынып,
Алыстан кызым келет деп,
Апакем жүрөт сагынып.

Таптырбай ал кез жашынды,
Тал-талдап өргөн чачымды.
Алсырай түшсөм апаке,
Алдыңа жөлөйм башымды.

Ар дайым жарык маанайы,
Агарып барат саамайы.
Алпештеп бизди өстүргөн,
Апалар бала таалайы.
Алпештеп бизди өстүргөн,
Апалар жашоо таалайы.

# Кара кашка тулпарым

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Ылдамыраак, көңүлдүү**



Туйгундай сызып келет кара кашка,
Туягы жалын серпет тийсе ташка.
Көркөмү көңүлүңдү тартып алган,
мындай шумдук тулпарды,
Көрбөгөм чыксам дагы канча жашка.

Чуркашы бирдей жакты кары-жашка,
Чубалып жал-куйругу малдан башка.
Сабалап келе жаткан, санат жеткис
күлүктөргө жеткирбейт,
Закымдап келе жатат кара кашка.

Марада күтүп турат элдер батпай,
Айгайлайм кубанчымды ичке катпай.
Капталга капысынан канат бүтө,
бүтө калган сыяктуу,
Калкылдап чыгып келет караандатпай.

# Шайыр шофёр

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Алыстыктар мени көздөй жакындайт,
Арттан шамал ышкырылып такымдайт.
Айдап барам безелентип тынымсыз,
Алга карай машинам,
машинам закымдайт.

Адал иштеп эл көңүлүн шат кылам,
Заманымда эркин жашап, каткырам.
Ар убакта милдетимди аткарып,
Тез жүрүүнү ар качан,
ар качан жактырам.

Аралыктар артка качат агылып,
Жүрөк ырдайт кубанычтуу кагылып.
Ал ансайын ыкчамдата айдаймын,
Алдыдагы мейкинди,
мейкинди сагынып.

Көркко толгон туулган жерим сонун да,
Тер жыттанган элпек рулум колумда.
Зуулдатамын машинамды шаңшытып,
Келечектин бакытын –
жыргалдын жолунда.

# Унутулгус учурлар

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Мезгилдер кандай тездеди,
Өткөндөр достор эстеби.
Билинбей сызган убакыт,
Бий, күлкү шаттык кечтери.

Баралбайм жакын тартынып,
Махабат жүгүн артынып.
Кадалып ар бир кыймылың,
Карекке калды тартылып.

Кусалык ичтен кемирип,
Музыка таңшып элирип.
Жүзүңдүн жаркын элеси,
Жүрөккө турду берилип.

Билбедиң менин алымды,
Мен жакка салып далыңды.
Ансайын күчөп бийиктеп,
Алоолоп сүйүү жалыны.

Катуулап кайра жайланып,
Сен бийлеп жүрдүң айланып,
Кайтарып турдум чет жакта,
Карегим сага байланып.

Таралып ал, күч жанымда,
Тарадык араң таңында.
Бөлүнүп калдым узатпай,
Бөлөктөр кетти жаныңда.

Өйдөлөп улам шаңдары,
Өчпөсүн жаштык шамдары.
Агарып атсын туугандар,
Ар дайым сүйүү таңдары.

# Жайкы таң

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Жайыраак**



Жадырап жайкы салкын таң атты,
Апапак нурун жерге таратты.
Термелип торгой күүсүнө,
Теребел балкып баратты.

Жыпар жыт каптап бардык тарапты,
Булутту шамал айдап баратты.
Алыскы жылдыз бүлбүлдөп,
Акырын өчүп баратты.

Мөл булак шыңгыр этет жанымда,
Боз торгой безеленет шаңында.
Толкундап жүрөк өзгөчө,
Тоолорду тиктейт таңында.

# Куруучу кыз

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Көңүлдүү**



Жадыраган ак көңүл кыз куруучу,
Жаркын жүзү көңүлүмдү буруучу.
Күндөн күнгө ийгиликти көбөйтүп,
Үйлөр курат кылым бою куруучу.

***Кайырма:***

*Кандай жеңил кыймылы,*
*Бригаданын сыймыгы.*
*Арбып барат жыл сайын,*
*Анын алган сыйлыгы.*

Кыймылы тез кызыл жоолук көпөлөк,
Кынап барат кирпичтерди бөпөлөп.
Убакыттан артта калбайм дегенсип,
Улам үйлөр өсүп барат көкөлөп.

***Кайырма.***

«Эжекелеп» бөбөк чуркайт үчтөгү,
«Өсүп, өн» деп алкайт эне жүздөгү.
Ардак менен урматтоого жетишти,
Адилеттүү мээнетинен иштеги.

***Кайырма.***

# Кыргыз жери кымбатым

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Орточо**



Калкып өтөт карегимден элестер,
Көл дайралар, кырка тоолор, белестер.
Ар бир уулуң кай тарапта жүрсө да,
Кыргыз жери жандай көрүп, кымбатындай
сени эстээр.

Кандай жүрөк сени самап сагынбас,
Кандай жүрөк сен дегенде жагылбас.
Эне сүтү кыргыз жери кымбатым,
Эч убакта эскирилгис, бир жоготсоң
табылбас.

Кыргыз күүсүн уксаң денең калтырап,
Көңүлүңдө чексиз изин калтырат.
Ак чокулуу мекенимдин элеси,
Азыр гана көргөн сымал карегимде
тартылат.

Унутулбайт кайгырсаң да, күлсөң да,
Бүркүт шаңшыйт качан кулак түрсөм да,
Касиеттүү кыргыз жери кымбатым,
Каректесиң, жүрөктөсүң кай тарапта
жүрсөм да.

# Уулча эжеме

***сөзү Турар Кожомбердиевдики***

**Ойлуу**



Сен билесиң карамды да агымды,
Бул дүйнөдө сен ачкансың багымды.
Качан болсо энем болгон эжекем,
Көрө билдиң жалаң жакшы жагымды.

Эмгегиңди кантип унтуп танайын,
Мен агарттым саамайыңдын далайын.
Туурумдагы конуп турган бүркүтүм,
Турмуштагы менин бактым, таалайым.

Кечир эже, көңүлүңдү канатсам,
Жүрөгүңө капалыкты таратсам.
Жарымысы сеники деп эсептейм,
Мен турмушта кандай чоң иш жаратсам.

Керек десең мына даяр, канымды,
Керек десең бергим келет жанымды.
Кайышпастан эмгек кылып элиме,
Актай берем тузуң менен наныңды.

Мээрван эже акыл кошкон өзүңдөн,
Сезимиме бал тамылат сөзүңдөн.
Эгер кокус эмгегиңди унутсам,
Жаа огундай чыксын эки көзүмдөн.

# Унутпагын өткөндү

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Орточо**






Кайрый албай калсак дагы кеткенди,
Унутпагын жоодар көзүм өткөндү.
Ойлой берем санааларга термелип,
Ошондогу биз жолуккан көктөмдү.

***Кайырма.***
*Ойлосом көңүл балкып,*
*Эзелтен бери сүйүү тунук да.*
*Мезгилдер өтөт калкып,*
*Өткөндү сен курбум дайым унутпа.*

Кайрый албай калсак дагы кеткенди,
Унутпагын жоодар көзүм өткөндү.
Ойлой берем санааларга термелип,
Ошондогу биз жолуккан көктөмдү.

***Кайырма.***
*Ойлосом көңүл балкып,*
*Эзелтен бери сүйүү тунук да.*
*Мезгилдер өтөт калкып,*
*Өткөндү сен курбум дайым унутпа.*

# Грек патриотторуна

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Марш темпинде**



Өрт ичинде чыңалган,
Күрөштөрдө сыналган.
Тайбас элдин шумкарлары,
Элладанын баатырлары.

Эркиндик деп салгылашкан,
Калгычакты кашык каны,
Эрдигиңер унутулбайт эч,
Дүйнө калкы эстейт аны.

Айлап-жылдап талбастан,
Азаттык! – деп кармашкан.
Улам бийик жалындаган,
Алга карай адымдаган.

Канча кордук көрсө дагы,
Душманына жагынбаган.
Таштан дагы, болоттон бек,
Өлүмгө да багынбаган!

Жалын жүрөк уландар,
Жалтанбаган кыраандар!
Аябастан жаныңарды,
Зарп кылдыңар жаныңарды.

Калк жүрөгү түбөлүккө,
Эстей бермек аныңарды.
Ошондуктан унутпастан эл,
Даңктай бермек баарыңарды!

# Эрдиктер эскирбейт

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Мекенге кыйын болду согуш жылында,
Майданда кан төгүлгөн мейли тылында.
Эрдиги майтарылбас кыргыз калкынын,
Эскирбей жашай берет миң сан кылымга.

***Кайырма:***
*Дүйнө күбөлүк,*
*Тарых күбөлүк,*
*Баатырлар өлбөйт.*
*Дүйнө күбөлүк,*
*Тарых күбөлүк,*
*Баатырлар жашайт түбөлүк.*

Жер бетин күүгүмдөнтүп туман, кар басты,
Фашисттер жанталашып жасайт далбасты.
Кыздары, уландары биздин мекендин,
Бир кадам артка дагы жылбай кармашты.

***Кайырма.***

Кармашта жеңип чыктык курчуп, бүлөнүп,
Бүт дүйнө зор жеңишке болду күбөлүк.
Эрдиги майтарылбас кыргыз калкынын,
Эскирбей эч убакта жашайт түбөлүк!

***Кайырма.***

# Бейпил талаа

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Орточо, ойлуу**



Ажайып кыргыз талаасы,
Асмандайт адам санаасы.
Көз кайкыйт кырдан кырга,
Көбүргөн, ышкын жайнап,

Көгөргөн сансыз жылга.
Жайы-кыш көркүн сактап,
Жайыты кандай кенен.
Жалпы журт тегиз мактап.

Бейкутка толгон талаасы,
Бейпилсиң кыргыз талаасы.
Жащырат жылдан-жылга,
Жайнаган ак козулар,
Жамырап чыгат кырга.
Күбөсүн нечен сырга,
Күкүктөй акындарың,
Күн сайын кошот ырга!

# Кумар көз

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Вальс темпинде**



Добушуң күмүш сымал,
Жагымдуу шыңкылдаган.
Саамайың кундуз сымал,
Кулпунуп жылтылдаган.

Жибектей назик селки,
Сүрдөнтүп көз карашың.
Жигиттер ашык болуп,
Жүрөгү зырпылдаган.

Самайбыз бир көрүүгө,
Саргайтып эзилебиз.
Сагалап арттан ээрчип,
Сабактан кечигебиз.

Ансайын керилесиз,
Ансайын алыстайсыз.
Адамдын колу жеткис,
Аскадай сезилесиз.

Апапак жел кайыктай,
Алыста калкылдаган.
Күн тийген зоока сымал,
Күзгүдөй жалтылдаган.

Кумар көз карындашым,
Курдаштар ашык болгон.
Кубулжуп добушуң ай,
Кулакта шаңкылдаган.

# Мектеп вальсы

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Көңүлдүү**



Жашайбыз күлүп жайнап,
Жапжашыл бүчүр байлап.
Мектептен билим алып,
Ойнойбуз эркин сайрап.

Жадырап гүлдөгүлө,
Жашоону түрдөгүлө,
Кайгыны билбегиле!

***Кайырма:***
*Канаттуу заманда,*
*Калкылдап шамалда,*
*Канакей, курбулар, бийлегиле!*

Көргөндө өскөнүңдү,
Эскерем өткөнүңдү,
Алдейлеп ак мектебим,
Апамдай өпкөнүңдү.

Көргөндө кубанамын,
Көргөндө кубанамын,
Көкөлөп кеткениңди.

***Кайырма:***
Улгайып кетсең да,
Урматка жетсең да,
Унутпа учурган мектебиңди.

# Ёлка сонун карачы

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Жан жагынан балдар кетпейт,
Ёлка сонун карачы.
Көптүгүнө эсеп жетпейт,
Оюнчугун саначы.

Бийлеп жүргөн тээтиги,
Жылкычынын баласы.
Баарысынын бир кишидей,
Тунук экен санаасы.

Аяз ата шаңдуу күлөт,
Ак тон кийген береги.
Кооз кийген кыздар жүрөт,
Колунда бар желеги.

Ар биринин чоңойсо,
Элге тийет кереги.
Баарысына тегиз жакты,
Аяз ата белеги.

# Теримчилер

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Көңүлдүү**



Бачым басып тыпылдап,
Пахта терсек шыпылдап.
Убакыт да токтобой,
Уча берет зыпылдап.

Кана досум керилбе,
Ыкшоо тартып эринбе.
Тепилдетип терелик,
Тездик керек теримде.

Тез бүтүүгө ашыгып,
Терген сайын машыгып.
Жалкоолор жок арада,
Жатып калган жашынып.

# Сүйүктүү мектеп

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Орточо**



Коңгуроолор кагылды,
Мектеп ичи жаңырды.
Топ ойногон тарапка,
Толгон балдар жабылды.
Кызыктуу оюндар,
Кыздарга да табылды.

Катар басып салкындап,
Каткырабыз жаркылдап.
Көлмөсүнөн мектептин,
Көрүнөт каз калкылдап.
Эргитет көңүлдү,
Сурнай үнү шаңкылдап.

Коңгуроолор кагылды,
Мектеп ичи жащырды.
Балдар кирип класска,
Бардык эшик жабылды.
Кас катар көчөттөр,
Карасаң бүт жагылды.

# Бакыт берген заманым

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Марш темпинде**



Билимге талпынып жалпыбыз,
Биримдик, достукта салтыбыз.
Окуйбуз, жашайбыз бактылуу,
Эзелтен ушундай антыбыз.
Балдарды алпештеди калкыбыз,
Эң сонун биздин жашоо шартыбыз.
*Алтын заман бөпөлөгөн,*
*Алга бизди жетелеген.*

Барктайбыз адилет заманды,
Бактыга жеткирген адамды.
Ар иште үлгүлүү аталып,
Алдыга шилтейбиз кадамды.
Канчалык ийгиликтер жаралды,
Атагы жер жүзүнө таралды.
*Бизге болуп куйрук, канат,*
*Заманабыз алга барат.*

# Биздин мектеп

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Көңүлдүү**



Күлмүңдөгөн таң атат,
Күн нурларын таратат.
Айылдын көп балдары,
Ак мектепке баратат.

Мектеп жаңы салынган,
Айланасы жаңырган.
Кыздар-балдар окушат,
Кызыл жагоо тагынган.

Үйрөтүп көп кесипти,
Мээрим ачкан эшикти.
Ак мектебим эстетет,
Ар убакта бешикти.

# Кумалак

***сөзү Турар Кожомбердиевдики***

**Көңүлдүү**



Биздин күчүк Кумалак,
Түк тойбогон сугалак.
Минип алып кулунду,
Күндү кармайт кубалап.

Көлдөн биздин кумалак,
Коён тиштейт кубалап.
Комуз чертип ырдаса,
Уккан балдар кубанат.

Биздин күчүк Кумалак,
Түк тойбогон сугалак.
Көккө чыга чуркады,
Көлөкөсүн кубалап.

# Гүлзат-Нурзат

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Орточо, көңүлдүү**



Гүлзат гүлдү сугарды,
Нурзат гүлдү сугарды.
Чаңкаган гүлзарлар,
Көркү чыгып буралды.
Адептүү кыздарын,
Апа көрүп кубанды.

Күжүрмөн иш уланды,
Күндө кыздар сугарды.
Көркөмдүү гүлзарлар,
Көккө бою суналды.
Карасаң түрлөнүп,
Кандырды го кумарды.

Гүлзат турса таңында,
Нурзат анын жанында.
Күжүрмөн эки кыз,
Гүлдүн жүрөт жанында.
Күлүңдөп суу ташыйт,
Күндүн ысык табында.

# Жол ыры

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*

**Көңүлдүү**



Бийик тоонун жанында,
Биз бараттык таңында.
Безеленип торгойлор,
Сайрайт бардык жагында

Көргөн элек камылга,
Көп болчудай табылга.
Ойноп келген жагообуз,
Окшош күйгөн жалынга.

Ашып тоонун кырларын,
Ачып терең сырларын.
Ынтымактуу курбулар,
Ырдайт достук ырларын.

# Биздин фонтан

*сөзү Турар Кожомбердиевдики*



Фонтан тынбай атырылып,
Туш тарапка чачырап.
Көңүлүңдү сергектентип,
Ысыктыкты качырат.
*Тамчы бүркүп,*
*Жүздөн сүйүп,*
*Атырылат эң бийик.*

Көргөн кезде толкундайсың,
Көөнүң ага байланып.
Балдар чуркайт кубанычтуу,
Кол кармашып айланып.
*Улам күчтүү,*
*Көккө тийип,*
*Атырылат эң бийик.*

Орундукта олтурасың,
Унтуп коюп басканды.
Фонтан болсо ызгырылып,
Атып турат асманды.
*Бирде сары,*
*Бирде кызыл,*
*Бирде болуп жапжашыл.*

Бирде фонтан бастай түшүп,
Кайра бийик созулат.
Бул жыргалга парктан чыккан,
Музыка үнү угулат.
*Шаттуу ырлар,*
*Жүрөк жандап,*
*Фонтан атат асманга.*

## Пайдаланылган басылмалар:

1. Кыргыз обондору.Түз. Б. Алагушев, К. Мадваров. – Ф.:«Кыргызстан», 1970.
2. Бала кербез. Түз. А. Укурчинов, Г. Эсенгулова. – Б.: «Учкун», 1998.
3. Жүз кайрык. К. Тагаев. – Б.: «Басма тамга», 2003.
4. Мукандын мукам ырлары. М. Рыскулбеков. Түз. А. Рыскулбек кызы. – Б.: «Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору», 2006.
5. Ырлар. Ж. Кайыпов. – Ф.: «Кыргызстан», 1985.
6. Балдар ырлары. К. Молдобасанов. – Ф.: «Кыргызстан», 1985.

Булардан тышкары:

Кыргыз Республикасынын Эл артисти Сардарбек Жумалиевдин кол жазмалары кирди.

Кыргыз Республикасынын композиторлор кошуунунун башкармасы, композитор Турдубек Чокиев кол кабыш кылды.

# ТҮЗҮМҮ

1. Кыргыз обондору ............................................4-14

2. Бала кербез ....................................................... 16-26

3. Жүз кайрык. К. Тагаев.....................................28-66

4. Мукандын мукам ырлары. М. Рыскулбеков.......68-78

5. Ырлар. Ж. Кайыпов.......................................80-114

6. Балдар ырлары. К. Молдобасанов.....................116-122

7 С. Жумалиевдин кол жазмасынан ...................130-204

*Адабий-көркөм басылма*

**Кожомбердиев Турар**

# Обондуу ырлар

*Түзгөн Осмоналы Исманкулов*

Форматы 84х108$^{1}/_{16}$. Көлөмү 13 б.т.
Заказ №__. Нускасы 500 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а.
Тел.: 66-17-235